Эркин Абдилаев

# Дил кайрык



Эркин Абдилаев

# ДИЛ КАЙРЫК


...РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ...АЛЫМАТ ЖАН ТУРИЗМ ...
... ОБЛУСТУ ...АНАСЫ
...КУЛЬТУРЫ ... И ТУРИЗМА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА
ИНН ...
1616


Бишкек 2010

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
А 91

**Абдилаев Э.**
**Дил кайрык.** Ырлар. Б.: Гүлчынар. 2010. – 64 б.

ISBN 978-9967-25-883-9

Автордун бул тунгуч китепчесине эл-жер, үй-бүлө, туугандар, жашоо, сүйүү темасында жазылган ырлары топтолгон. Ошону менен бирге, обондуу ырлары, эл оозунда айтылып келген Айгүл кыз жана Бозулан баатыр туурасында дастандан үзүндү да киргизилген.

Китеп адабиятты сүйүүчү бардык окурмандарга арналат.

Китептин чыгышына демөөрчүлүк кылган бир тууган жээним **ЖУМАГУЛОВ** **Таирбекке** чын дилден ыраазычылык билдирем

А 4702300100 – 10

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4

ISBN 978-9967-25-883-9
© Абдилаев Э., 2010

# ҮМҮТ ЖАНА МАКСАТ МЕНЕН ЖАШАГАН АКЫН

«Элим үчүн эмгектенем дайыма,

Элим үчүн бүт иштерим – белегим» деп, өмүрүн да, эмгегин да, ырларын да эли-журтуна ак дилинен арнаган акын Эркин Абдилаевдин бул тунгуч китебиндеги адамдын жан дүйнөсүнөн сызылып чыккан сырларынын мөлтүрөгөн тизимдери көңүлүңдү эрксиз бурат.

«Кийинкиге байлык дагы жыйбаймын,

Көргүм да жок, байлык, бийлик кумарын.

Өнөрүм бар бала окуткан жөнөкөй,

Мугалимдик – кыйбас, өмүр кымбатым»,– дейт бир ырында. Муну окуганда, чын эле, мага автордун элеси, мүнөзү элестеп кетти. Асыл мүнөзүнө адал эмгеги төп келишкен акын тура деген ойго келдим. Анан да Э.Абдилаев кесиби боюнча мугалим болгондуктан, туулган жер, адеп-ахлак, жашоо, үй-бүлө тууралуу да терең ой жүгүртүп, өз оюн, баасын салмактуу бере алган.

Алсак,

«Биз кыргызбыз, көп кылымды карыткан,

Ата-бабам кийип келген кийим бар.

Ошол кийим куп жарашат кыргызга,

Сыймык менен ошону эле кийип ал»,– деген ыр саптары «Биз кыргызбыз» деген ырында кыргыздын ар бир уул-кызы өз элинин улуттук баалуулуктарын сактоосу, алар менен сыймыктануусу парз да, карыз да экендигин баса белгилейт.

Ал эми туулган жерге болгон сүйүү, сыйлоо, сыймыктануу сезимдери «Баткеним» деген ырында мындайча айтылат:

«Күнүгө күлмүңдөп таң атат,

Баткеним жашарып баратат.

Эң сейрек кездешүүчү Айгүл гүлү,

Дүйнө элин суктантып, тандантат».

Э. Адилаевдин акындык жүрөгүндө үй-бүлө, туугандары жана жалпы эле адам баласын чын ыкластап урматтоосу, аздектөөсү, боор тартуусу, алар үчүн мээрим төгө билген адамгерчиликтүү асыл сапаттары

«Менин үй-бүлөм» деген бөлүмдө чагылдырылып, ырларын окуган адам эч качан кайдыгер калбайт го деген ишенимде болдум.

Үч айлык ымыркай кезинде энеден ажырап, эне жытына зар болгон акын «Болсо керек сулуу, аппак жоолукчан», «Азыр да сүйчү, энеке», «Энем соккон килем», «Куса болом» ж.б. ырларында эненин сулуулугун, ыйыктыгын, теңдеши жок мээримдүүлүгүн, жасаган эмгегин эргүү менен, элестүү, жатык тил менен куюлуштура жазган.

«Энем теңдүү аялдарды көргөндө,
Кыялымда мен энеме жолугам.
Ошолордой шайыр жана мээримдүү,
Болсо керек сулуу, аппак жоолукчан».

Ал эми өмүр, жашоо темасында жазган ырларында да жылт эткен жылдыздуу саптар көп:

«Мен бакыт деп акча үчүн умтулбайм,
Мен байлык деп дүйнөгө көп кызыкпайм.
Мен бакытты күтө берем турмуштан,
Мен байлыкты издеп келем жумуштан.

Өткүн өмүр өтсө да, калсын жазган иштерим,
Жакшы ишимде калсын менин издерим.
Эстеп жүрөт эл-журт мени ошондо,
Күлгө айланып жок болсо да бүт сөөгүм» ж. б.

Жалпылап айтканда, кесибин сүйгөн, сөз күчү менен адамзаттык асыл сапаттарга баа бере билген, ыр жазуу өнөрүнө ышкысы түшкөн, керемет өрүкзарлуу Баткен жерин Мекен кылган карапайым мугалим – акын Эркин Абдилаевдин жашоодон күткөн үмүттөрү акталып, аруу максаттары ишке аша берсин демекчимин.

Эмесе, жыйнакка ак жол тилейм!

**Сулайман Рысбаев,**
педагогика илимдеринин доктору,
профессор, Тоголок Молдо, И.Арабаев
атындагы сыйлыктардын лауреаты

# ЭЛИМ-ЖЕРИМ – ЫЙЫГЫМ

## БАТКЕНИМ

Бозоргон Баткеним кечээки,
Мына бүгүн гүлзардын мекени.
Төрт-Күлү өмүр берип жашоого
Кут конуп жашоодо элдери.

Күнүгө күлмүңдөп таң атат,
Баткеним жашарып баратат.
Эң сейрек кездешүүчү Айгүлү
Дүйнө элин суктантып, таңдантат.

Ысыкка кана бышкан өрүгү,
Узартат жесеңиз өмүрдү.
Элдери кең пейил, меймандос,
Көтөрөт урматтап көңүлдү.

Бозоргон Баткеним кечээки
Ооматы ушул бүгүн келгенби!?
Күндө да, айда да, жылда да,
Өзгөрүп баратат келбети.

*31-август 2009-жыл*
*Областтын 10 жылдыгына карата*

## МЕНИН АЙЫЛЫМ

Рават менин айылым,
Мекен деп туткан айдыңым.
Койнунда жашап аздектеп,
Өткөрүп келем ар күнүм.

Кышында чапкын-бороону,
Аязы күчтүү, тоолору.
Ак шейшеп кийип апапак,
Билинбей тегиз ой-жолу.

Көктөмдө жазды чакырып,
Тоолорго карай кар жылып.
Жашарып адыр, байчечек
Алышат көпкөк тагынып.

Жайында кымыз, айран, сүт,
Мол болот баары тегиз бүт.
Кишинеп жылкы, кой маарап,
Айлана табат тегиз кут.

## УШУЛ ТООЛОР

Ушул тоодо калган биздин изибиз,
Ушул тоого сиңген биздин күлкүбүз.
Ушул жондон кулун менен жарышып,
Тоого карай байге коюп жүрчүбүз.

Бул жаланда жыланаяк жарышып,
Күрөш куруп, жашка карай алышып.
Ачкалсак да, түн кирсе да байкалбай,
Ай, ошондо бизде экен го жашчылык.

Бул булакка эчен жүздү чайганбыз,
Суусаганда жатып ичип канганбыз.
Кыздар келсе чака кармап суу үчүн,
Биз аларга суу алдырбай чачканбыз.

Улуу тоосу, мөлтүр суусу жеримдин,
Бизди силер ушул жашка жеткирдин.
Өмүр берип, жашоо берип түбөлүк,
Өстүрө бер жаштарыны элимдин.

## БИЗ КЫРГЫЗБЫЗ

Биз кыргызбыз, кыргыздыктан танбайбыз,
Анан неге Европаны жандайбыз.
Алар кийген кийим-кече – баарысын,
Киемин деп, базарлардан тандайбыз.

Биз кыргызбыз, кыргыздыктан танбайбыз,
Башка элдерди анан неге жандайбыз.
Ырын ырдап, бийин бийлеп шарактап,
Араб, түрктөн, орустардан калбайбыз.

Биз кыргызбыз көп кылымды карыткан,
Ата-бабам кийип келген кийим бар.
Ошол кийим куп жарашат кыргызга,
Сыймык менен ошону эле кийип ал.

Ата-бабам обон созуп ырдаган,
Кыз-келини буралышып бийлеген.
Ошолорду барктап, сактап жүрөлү,
Өчүрбөстөн кыргыз атын жер беттен.

## КӨРӨМ ДЕСЕҢ

Сулуулугун көрөм десең бейиштин,
Кызгалдак гүлдөгөндө,
Талаалар түрлөнгөндө,
Раватка салам айтып келип кет.

Суугун көрөм десең тозоктун
Чилде киргенде,
Борошо-чапкын жүргөндө,
Раватка бир кече түнөп өт.

Көрөм десен мээнеткеч эл, эрлерди
Жер жумшарып көпкөндө,
Эгин эккен, малын баккан
Раваттын эмгекчи элин көрүп кет.

Молчулукту, токчулукту самасаң,
Жыйын-теңир болгондо,
Кампага дан толгондо,
Биздин элге бир кайрылып келип кет.

Жазам десен жакшы-жакшы ырларды,
Төрт мезгилде,
Жазда, жайда, күздө, кышта
Раватка келип алып жаза бер.

# МЕНИН ҮЙ-БҮЛӨМ

## МЕНИН АТАМ

Он жетиге толуп толбой жаштыгы,
Биле электе бул жашоонун баркыны,
Батыш жактан согуш чыгып кыямат,
Ата Мекен жоого карай чакырды.

Миң-миңдеген жоокерлерге кошулуп,
Ленинград, Москваны тосушуп,
Кан жыттанган шаар, токой аралап,
Немецтин турган жолун бекем бууп.

Андан кийин жырткычтарды чегинтип,
Кууп кирген борбор шаары Берлинге.
Жеңиш туусун Рейхстагга көтөрүп,
Салам айтып улуу немец элине.

Жети жылдап кызмат кылып мекенге,
Жыйырма үчкө кирип калган кезеңде,
Андан кийин өмүрүндө талыкпай,
Ак дилинен эмгек кылган элдерге.

Айтаар эле жомок кылып согушту,
Билбеппиз дейт өлүмдөн да коркушту.
Ошол жоокер, ошол баатыр жигиттин
Мен боломун, мен боломун чоң уулу!

## БОЛСО КЕРЕК СУЛУУ
## АППАК ЖОЛУКЧАН

Үч айга да толуп толбой ымыркай,
Курагымда ажал алып энемди.
Эмчек издеп, курсак ачса чыркырап,
Мен калыпмын тааный элек дүйнөнү.

Эне жытка эне мээрге канбадым,
Эне сүтүн даамын даана татпадым.
Билбейм кандай болгон өнү, турпаты,
Элесин да элестете албаймын.

Көргөн билген аялдардан сурасам,
Айтып калат жомоктотуп энемди.
Канаат кылып ошолордон укканга,
Жашап келем элестетип энемди.

Энем теңдүү аялдарды көргөндө,
Кыялымда мен энеме жолугам.
Ошолордой шайыр жана мээримдүү,
Болсо керек сулуу, аппак жолукчан.

## АЗЫР ДА СҮЙЧҮ, ЭНЕКЕ

Ак сүтүн берип энекем,
Алдейлеп мени терметкен.
Өткөргөн бир күн түйшүгүн,
Тең келет неге теңесем.

Мээримиң асыл өзгөчө,
Жан дүйнөм турса бөлөкчө.
Бир сүйсөң баарын унутам,
Тургансып күн, ай төбөмдө.

Азыр да сүйчү, энеке,
Күч-кубат болсун эркеңе.
Эл арткан албан иштерди,
Бүтүрүп жүрсүн эртеге.

## БАРАТАТ ЭНЕМ УЛГАЙЫП

Бапестеп багып өстүргөн,
Бал сүтүн берип эмизген.
Ымыркай жаткан бир жанды,
Адамды күнгө жеткирген.
Асылзат,
Алтындай баалуу энекем!

Таң менен туруп күнүгө,
Өмүрүн сарптап түйшүккө.
Жыргалда өссүн эркем деп,
Кам көрүп мага эмгиче.
Энекем,
Жүрөт ал сонун сезимде!

Аралап эми ак чачын,
Бырыштар басып бет-башын.
Баратат энем улгайып,
Жыргалга батып ансайын.
Себеби,
Ал-күчкө толуп мен жашмын!

## КУСА БОЛОМ

Оо, энеке, караанынды сагынам,
Сүрөтүңө миң мертебе жалынам.
Бир иретке бешенемден сүйчү деп,
Элесине ар күн сайын зарыгам.

Бирок турат сүрөттөрүң жалдырап,
Сүйлөбөйсүң, жалынсам да ар убак.
Умсунамын элесинди кучактап,
Кулак төшөйм сүрөтүңдөн сыр сурап.

Капа болом кээ-кээде бир сөз өтсө,
Муң-зар толот сени эстеп жүрөккө.
Сүрөтүңдү кучактасам бир ирет,
Ошолорду унутамын мүнөттө.

Куса болом күндө дайым эстеймин,
Моюнуна кучак жайсам жетпеймин.
Ортобузда эки дүйнө тосмосу,
Жолуктурбайт, кармайт мыйзам ченемин.

## МЕНИН ЭЖЕМ

Менин эжем бир өзгөчө жан эле,
Эстен кетпейт элестери дагы эле.
Баскандары, сүйлөп, жүргөн, күлгөнү,
Болгон окшоп мандайымда жаны эле.

Эки өрүм узун чачы жер чийип,
Баскан кезде көркүнө көрк кошчу эле.
Уул, кызына үйрүлүп ар дайым,
Өзгөчө эле бала жандуу болчу эле.

Жаратткандын боору катуу таш белем,
Эрте айырды балдарынан эжемди.
Эне мээрине тое электе жээндерим,
Татаал тагдыр кыйын күндү жөнөттү.

Көп кайгырып ыйласам да көнбөдү,
Эжем кайра кеткен жактан келбеди.
Жашоо заңы кайра кайткыс нерсе экен,
Бирөөгө эрте, бирөөгө кеч келмеги.

Менин эжем бир өзгөчө жан эле.
Ал жөнүндө жазам көп ыр дагы эле.
Бүтпөс санат, бүтпөс дастан мен үчүн,
Жүрөк согуп турса эгер денемде.

## ЭНЕМ СОККОН КИЛЕМ

Энем соккон килем турат дайыма,
Төркү үйгө аздектелип илинип.
Кут киргизип, көркүн ачып ал үйдүн,
Соккон уздун чеберлиги билинип.

Келген сайын айылымды сагынып,
Ошол үйгө киргичекти ашыгам.
Отургансып апам өзү жип ийирип,
Босогосун аттаганча шашылам.

Кандай сонун ой-кыялын килемге,
Көчөт кылып жипке кошо байлаган.
Жаштыктагы жалындаган сезими,
Көчөттөргө сырдуу болуп айланган.

Килем соксо мен отуруп катарда,
Энекемден жип талашкам эсимде.
Токмок урсаң, кошо уруп жарышып,
Аттиң, ошол кыял калды сезимде.

Көчөт болуп энем менен жаштыгым,
Жипке айланып килем менен согулган.
Көргөн сайын энем соккон килемди,
Энем менен балалыкка жолугам.

## ЖУБАЙЫМА

Чай кайнатып, тамак камдап шашылып,
Коногундай мени күтөт камынып.
Бала окутуп, чарчап келсем мектептен,
Дем-күч берет түйшүгүмдү алышып.

Дайым тыкан, ишке чыйрак мүнөзү,
Чарба ишиби, үй ишиби бир өзү.
Чуркай берет, айта берет чарчабай,
Уул-кызга билгендерин үйрөтүп.

Ачуу, таттуу турмуш даамын бир татып,
Өмүр жолун өйдө-төмөн бир бастык.
Өткөрүппүз жаш куракты байкабай,
Бир азга да олтурбастан жай алып.

## БИЗ ЭКӨӨБҮЗ

Бирге тартып бул жашоонун түйшүгүн,
Бирге угуп наристелер күлкүсүн.
Бой жеткирдик төрт баланы эл катар,
Ошолордон күтүп албан үмүттү.

Бул турмушту биз бир нукка сала албай,
Бул жашоонун ыктуу жолун таба албай.
Кээ бир күнү капа болуп муңканып,
Элдер сымал көп-көп акча таба албай.

Азыр шүгүр жетет дөөлөт, дүнүйө,
Күндө той да, күндө күлкү күнүгө.
Неберелер, чеберелер сүйүнтүп,
Толуп турат эртели-кеч үйүмө.

## КАНЧАГА ЖЕТЕТ ЧАМАБЫЗ

Биз экөөбүз арабанын эки аты,
Бул жашоонун жүгүн бирге сүйрөгөн.
Ылдыйларга ылдам тартып, өрлөргө
Эчен жолу араң чыктык күч менен.

Кээ бирлерде арабаны тең тартпай,
Бирибиз алга, бирибиз артка тартканбыз.
Адам деген шундай тура жашоодо,
Келише албай эки тарап басканбыз.

Мына эми Гүлсарыдай картайып,
Арабаны араң тартып барабыз.
Бир жараткан өзү билет ар жагын,
Канчага эми жетет биздин чамабыз.

## ОКШОШ ТУРА ПЕЙЛИҢЕР

Ааламдагы бардык эле энелер,
Окшош экен баарыңардын пейлинер.
Бала үчүн үйүрүлгөн ар качан,
Бирдей тура баарыңарда сезимдер.

Түн күзөтүп, тосуп нечен таңдарды,
Чоңойтушат энекелер балдарды.
Болсун бакыт келечегиң, садагам,
Ушул тилек энелердин айтканы.

Болбосо да мүнөзүңөр бирдей тең,
Бала үчүн мээримиңер тең экен.
Эч тең келбейт пейилиңер нерсеге,
Айтчы, чынбы, ушул сөзүм, энекем?..

## ЭРМЕГИМДИН ТИЛЕГИ

Бою-башын түзөп,
Учкучмун деп сүйлөйт.
Бул менин неберем –
Эки жашар Эрмек.

Өзүн-өзү сынап,
Жыйылган жүккө чыгат.
Анан «Шариповмун» деп
Топ төшөккө сызат.

Күп этип түшөт,
Мактана сүйлөп,
«Айга байып келдим» – дейт,
Бул – Эрмекке тилек.

## ЭЖЕМДИН ЭЛЕСИ СИЛЕРДЕ

*(Бул ыр бир тууган эжем Саадаткандын жаркын элесине арналат)*

Башкалардай энеңерге эркелеп,
Үйрүлүп силерди эжем бөпөлөп.
Кошалбады катарына адамдын,
Жапжашында ажал кетти жетелеп.

Бир туугандан калган туяк жээндерим,
Өткөндөрдүн ордун басаар медерим.
Эжекемдин жыты калган силерде,
Таштап кеткен жүргөн-турган мүнөзүн.

Берип кеткен бириңе көз карашын,
А биринде сүйлөгөн сөз, басканын.
Дагы бириңдин жылмайганың эстетет,
Кубанганда мээрим төгүп чачканын.

Жолукканда мен силерге дайыма,
Эжем келет элес болуп жаныма.
Өлбөптүр дейм, эжем жарык дүйнөдө
Жашайт экен балдарынын алдында.

## УЧКАН КУШТА СЕНИН ЭЛЕСИҢ

*(жашында өткөн кызым Максуданын элесине арналат)*

Ачыларда жайнап турган гүлгө окшоп,
Асмандагы жарык тийген күнгө окшоп,
Күлүп туруп батып кеттиң батышка,
Жаңы ачылган гүлдөрүңдү түн коштоп.

Зарлап калдык, сени жоктоп ыйладык,
Жаныбызды кайгы менен кыйнадык.
Сен, карлыгач кызым, кайра келбедиң,
Кадимкидей «атакелеп» жылмайып.

Сен келбейсиң, биз барабыз артыңдан,
Өлчөп берген күнү-суубуз тартылса.
Ошогоче өксөп өтөт өмүрүм,
Карлыгачым, сени ойлоп, **Максудам...**

Карыялар кайгырба деп дем берет,
Наристелер бейиш кушу болот деп.
Мен ар дайым учкан кушту көргөндө,
Жаркын жүзүң көз алдымда элестейт.

# ЖАШОО – ДАЙРА

## МЕНИН КААЛООМ

Мен көрбөдүм жемелерди, кордукту,
Такыр билбейм тамак-аштан жоктукту.
Мен төрөлгөм эркиндик доор күнүндө,
Билалбаймын кандай болот согушу.

Ата-бабам баарын көрдү турмуштан,
Кайтышты го бутсуз, колсуз согуштан.
Андан мурда малай болуп көп зарлап,
Кетпечү экен бай таягы жонунан.

Менин дүйнөм, мен төрөлгөм доорум,
Тытып салган пардаларын согуштун.
Мен көрбөгөм, көргүм да жок түбөлүк,
Ата-бабам тарткан, көргөн кордугун.

Ыраазымын мен төрөлгөн күнүмө,
Кубанамын бейпил аткан ак таңга.
Бүт дүйнөнүн элдерине барса дейм,
Биздин элдер жашап жаткан замана.

## ЖАКШЫ ИШТЕ КАЛАТ ИЗ

Мен бакыт деп акча үчүн умтулбайм,
Мен байлык деп дүйнөгө көп кызыкпайм.
Мен бакытты күтө берем турмуштан,
Мен байлыкты издеп келем жумуштан.

Элге жаксын ар бир күнкү эмгегим,
Элге тийсин дайым менин керегим.
Элим үчүн эмгектенем дайыма,
Элим үчүн бүт иштерим – белегим.

Өткүн өмүр өтсө да, калсын жазган иштерим,
Жакшы ишимде калат менин издерим.
Эстеп жүрөт эл-журт мени ошондо,
Күлгө айланып жок болсо да бүт сөөгүм.

## ТҮБӨЛҮК ЖАШАБАЙТ ЭЧ БИР ЖАН

Очокто алоолоп от күйөт,
Чатырап алар заматта.
Салынган арча жыгачтар,
Айланат боз күлгө адатча.

Адам да төрөлөт, чоңоет,
Жалындайт, жалбырттайт алоолоп.
Бир кезде ал дагы от сымал,
Көз жумуп дүйнөдөн жок болот.

Ал адам ордуна дүйнөгө,
Бир дөбө топурак үйүлөт.
Ал дагы жыл өтсө арадан,
Жок болот уламдан бириндеп.

Түбөлүк жашабайт эч бир жан,
Адам да, айбан да дүйнөдө.
Бардыгы өтүшөт ааламдан,
Калалбайт эч ким түмөнгө.

## ЭМИ БИЗ

Айылымда бир кезекте,
аксакалдар көп эле.
Акылга мол насыяттуу,
айткандары сөз эле.

Чогулушуп дөбөлөргө,
чеччү айыл тагдырын.
Абийир, ыйман, намыс жана
кеп кылышчу бардыгын.

Анда биз жаш чыбык атка
минип жүрчү бала элек.
Уккан сөздү көп түшүнбөй,
акыл-эске толо элек.

Көп айтышчу нан убалын
адеп, салам жөнүндө.
Улууларды урматтоону,
ызаат керек кичүүгө.

Мына азыр айылымда
ак сакалын жайкалткан
карыялар азаюуда,
акыл салып карасам.

Алар өтсө бул дүйнөдөн,
бөксөргөнсүйт ырыс-кешик.
Ынтымак, адеп, ыйман, сооп,
унутулуп боорукерлик.

Жок, унутпайлы уккандарды,
улуулардын айтканын.
Жеткирели жаштарга биз,
абийир-ыйман – бүт баарын.

## САЛАМДАШУУ ЖӨНҮНДӨ

Салам айтам адамдарга күнүгө,
Ойлоп турсаң, ушул дүйнө кызык, ээ?
Ар биринде ар башкача кыял бар,
Ар биринде саламдашуу түрдүүчө.

Бирөө кармайт колдорунду кош колдоп,
А бирөөлөр колун сунуп мостоет.
Алик албай, салам айтпай жөн гана,
Сөз сүйлөсөң жооп бербей тоң болот.

Саламдашуу, амандашуу керек, ээ?
Анын өзү ыймандуулук берене.
Саламдашуу, амандашуу болбойт дейт,
Каны токтоп, өлгөн гана денеде.

## ДОКТУРГА

Ооpу чырмап, жаздык жаздап жатамын,
Терезеден карап көпкөк асманды.
Көз жарылат, сыртта бир аз жүрсөм деп,
Жүрөк, кургур, самап эргий баскандын.

Уйку качат, санаа келет сан түркүн,
Күнү-түнү уйку көрбөйм бир үзүм.
Азыр менин алдымдагы максатым,
Ооpу менден арылаар чак келген күн.

Күндөр санап ооpу менден арылат,
Ак халатка алкыш айтам жалдырап.
Күндө берген укол, дары – баарысы,
Мени оорудан алып жатты тарткылап.

Ооpу кетип, эмгектенип жүрөмүн,
Жакшы көрөт ак халатты жүрөгүм.
Өмүр берген бүт денеме кайрадан,
Адамдарды унутпаймын күнү-түн.

## КЕЛЕЧЕКТЕ ЭЛГЕ КЫЛАР ИШТЕР КӨП

Албан-албан ойлор алга жетелеп,
Келечекте аткарылчу иштер көп.
Бут-кол ооруп, кээде калсам кыңкыстап,
Сурап коем, канча жашайм экен деп.

Кээде калам өткөн күнгө өкүнүп,
Көп иштерди жасабапмын кечигип.
Кылган иштин баш-аягын таба албай,
Мына минтип олтурамын ой сүрүп.

Ата-бабам элимде көп жашаган,
Адамдар бар албан иштер аткарган.
Ошолордун жолун улап көп жашап,
Ыраазымын эл кызматын аткарсам.

## МУГАЛИМДИК – КЫМБАТ КЕСИБИМ

Мен кайрылып өткөн күнгө карасам,
Бул өмүрдөн дуулап өтүп баратам.
Элим үчүн керек бир иш аткарып,
Кантип элдин керегине жарасам.

Акын болуп көп-көп ырлар жазсамбы?
Же болбосо кооз сүрөт тартсамбы?
Же болбосо эл башкарып, эл бийлеп,
Жумшагыраак креслого барсамбы?

Же космоско акча төлөп учсамбы,
Же байлык таап, банкка салып жыйсамбы?
Неберелер, чөбөрөлөр кыйналбай,
Жашасын деп ошого кам урсамбы?

Кийинкиге байлык дагы жыйбаймын,
Көргүм да жок байлык, бийлик кумарын.
Өнөрүм бар бала окуткан жөнөкөй,
Мугалимдик – кыйбас өмүр кымбатым.

## НООРУЗ

Нооруз келди ак карды кууп,
Тоо башына качырып.
Аркасынан элдер күткөн,
Көктөмүнү чакырып.

Нооруз келди, күн жылыды,
Жердин бети жашарды.
Келгин куштар учуп келет,
Бузбай учуп катарды.

Нооруз келди, жер ныксырап,
Уйкусунан ойгонду.
Байчечекей, бадал көктөп,
Гүлгө айлантып тоолорду.

Нооруз келди, уктап жаткан,
Жан-жаныбар тирилди.
Торгой сайрайт көккө чыгып,
Жаздын ырдап гимнин.

Нооруз келди, чоң энелер
Сүмөлөгүн кайнатып.
Кыргыз каада-салтын улап,
Кыздар чыгат жасанып.

Нооруз келди, баба-дыйкан
Үмүт менен жер тилет.
Күздө түшүм мол болсун деп,
Асмандан жаан, күн тилеп.

Нооруз келди, малдар тоюп,
Желин толду чатырап.
Айран, каймак, кымыз толот
Дастаркондо жадырап.

Молчулуктун, токчулуктун
Жылын башта, Ноорузум!
Тынчылыктын, бейпилдиктин
Жылын башта, Ноорузум!

## АЯЛДАР

Аялзаты теңдик таппай байыртан,
Ажар сымал канча кыздар сатылган.
Акмөөрдөй жапжаш сулуу селкилер,
Ажыраган өзүн сүйгөн жарынан.

Байдан-байга соога болуп көп кыздар,
Мал катары колдон-колго берилген.
Тил албаган кээ бир мерез айымдар,
Айласыздан сөзгө келген тепкиден.

Мына бүгүн теңдик күндөр таңы атты,
Жаркырады аялзаттын кабагы.
Окууда да, жумушта да, үйдө да,
Өкүм сүрдү тең укуктун заманы.

Теңдик издеп, сүйүү издеп Жамийла
Согуш жылы Даниярды ээрчиди.
Эл ичинде күбүр-шыбыр кеп болду,
Таштады деп нике кайып эрини.

Өз жашоонон өйдө коюп мекенин,
Айтсак болот эрдигин Сейденин.
Ата Журтун коргогондон баш тарткан,
Кармап берген Ысмайылдай өз эрин.

Мына бүгүн теӊ укукта аялдар,
Эркек менен бардык жерде барабар.
Эмгекте да, окууда да, үйдө да,
Экөөнө бирдей болгон талаптар.

Азыр аял министр, врач, депутат,
Окутуучу, окумуштуу, космонавт.
Колдон келген эмгектерден качпастан,
Ак ниеттен мекенине иш жасайт.

Үйдүн куту, элдин куту, жер куту,
Баарын, баарын сулуу кылган аялдар.
Издесеӊ да он сегиз миӊ ааламды,
Таба албайсыӊ бир аларга барабар.

## ДҮНҮЙӨНҮН КЫЗЫГЫ

Окшош күндөр бирин-бири ээрчитип,
Өтүп жатат өмүрүмдү жетелеп.
Өтсө да өмүр, өтсө жаштык арылап,
Жүрөгүмдөн жаштык сезим кете элек.

Сүйүү, эңсөө, толгон-токой кыялдар,
Жашап келет арзуу толо көңүлдө.
Аткарбаган мен эңсеген көп максат,
Жашай берет мени менен өмүрдө.

Үмүт менен максат менен жашаган,
Дүнүйөнүн, тирүүлүктүн кызыгы.
Болбосо эгер ошол экөө адамда,
Бул жашоонун бүткөн болмок кызыгы.

## ШАШПАЙ ТУРСАҢ...

Шашпай турсаң, көктөм келет эрте эле,
Күчүн жыйып жаз ишине даярдан.
Эгин эгип, көчөт тигип, гүл сепкин,
Жашыл болуп, шанга айлансын айланаң.

Шашпай турсаң, эртең эле жаз келет,
Орок камда, чөп оробуз малдарга.
Отун камдап, там-таш оңдоп бузулган,
Иштери көп түркүн-түркүн жаз маалда.

Шашпай турсаң, эртең келет күз дагы,
Оруу, жыюу иштер кызып кечкече.
Убак жетпей, иш көбөйөт ар кимге,
Жасасаң да баары бүтпөй эч эле.

Шашпай турсаң, эртең эле кыш келет,
Отун жыйып, көмүр камда көбүрөөк.
Бороон улуп, кар чапкындап турганда,
От боюнда отурасың мемиреп.

Шашпай, шашпай төрт мезгилди күтө бер,
Бүтпөй жаткан иштериңди бүтө бер.
Өмүр кыска, аз өмүрдө иш жасап,
Бейпил аткан ак таңдарды күтө бер.

## КОШ БОЛ, КУРДАШ

Жүрөк туйлап, көздөргө жаш жыйылып,
Мектебимден кетким келбейт кыйылып.
Тагдыр берсе эгер мага балалык,
Окумакмын миң мертебе сыйынып.

Өттү күндөр, өттү жаштык убакыт,
Көп кеткендир биздин иште чалалык.
Кечиргиле, бизди окуткан эже-агай,
Суранабыз эгер өтсө каталык.

Ыраазыбыз берген билим, адепке,
Мындан кийин ар ким орду ар жерде.
Ата Журтка татыктуу бир иш жасап,
Бел байлайбыз мекениме бермекке.

Кош бол, курдаш, кош, окуган мектебим,
Ачык болсун классташтар эртеңин.
Ага-эжедей тагдыр бизге буюрса,
10 жылдыкта кайра мында келемин.

## ДОСУМА

Аязы күч февралдын таңында,
Сен жөнүндө жаман кабар алдым да.
Ыйлай бердим башка айла таба албай,
Өкүмү бек өлүм берген тагдырга.
Анан кантем, андан башка айла жок,
Амал да жок ара түшөр жаныма.

Ыр ырдасам, же музыка ойносом,
Кыялымда сени менен бир болом.
Ырдап, ойноп жанда жүрөт элесиң,
Аттигиң ай! Эч кыялга тойбогон,
Жүргөндөрүң көз алдыма чубуруп,
Өткөн күндү элестетем, ойлоном.

Сен кетсең арабыздан айрылып,
Уул-кызың сени эстер сагынып.
Атың өчпөйт өнөрүңдү улантар,
Сен ырдабай калган ырды жаңыртып,
Алар ырдар созуп мукам үн менен,
Апасынын көңүл кирин арылтып.

## ЖЕТИМСИРЕЙТ ЖЕЛГЕ ЫРГАЛЫП БАЙЧЕЧЕК

*(Даабеков Абдинабинин «Жетим калган розалар» аңгемесинин негизинде жазылган ыр)*

Айылымда эскирген там бар эле,
Көптөн бери анда эч ким жашабайт.
Ар жыл жазда тамдын күнгөй бетинде,
Байчечекей гүлүн ачып жашарат.

Ошол гүлдөн сүйгөн кызга бир талын,
Белек кылат үзүп жигит ар жылы.
Быйыл дагы байчечекей гүл ачты,
Бирок жигит келбей гүлдү сагынтты.

Өткөн күздө тоого барып ал жигит,
Көчкү жүрүп, көчкү аны басыптыр.
Алынбастан кар астында денеси,
Катып тоодо түбөлүккө калыптыр.

Байчечекей түрдүү болуп кулпунуп,
Күтүп жүрөт ошол жигит келет деп.
Жигит келбейт, келбес жакта ал эми,
Сүйгөнүнө гүлдү бербейт белектеп.

Жетимсиреп, желге ыргалып байчечек,
Үй жанында күнөс жерде кулпурат.
Торгой сайрап жаратылыш өзгөрбөй,
Дайым тийчү тээ асманда күн турат.
Жигит сүйгөн сулуу кызы үйүндө,
Жашап келет, күйүт, арман ыр ырдап.

## ИЧПЕЙМИН, ДОС

Ичпеймин, дос, сунба арак, сунбачы,
Өтө урматтап конок дагы кылбачы.
Болсун десең менин көңүлүм шаттыкта,
Кана, досум, ишинден сөз кылалы.

Издебеймин шаттык менен бакытты,
Вино, арак, татып даамын коньяктан.
Шаттык, бакыт талап кылса жүрөгүм
Билек түрүп аны издейм талаалап.

## УУРУ ТҮН

Күн күлөт таң менен,
Жадырап нур чачып.
Ободо боз торгой
Безелейт үн салып.

Алыстан трактор
Күркүрөйт тоо жарып.
Боз улан селки ишке
Баратат жарашып.

Бөбөктөр мойтойуп
Көздөрүн ушалап.
Турушат төшөктөн,
Уйкуну кубалап.

Ушинтип ар бир түн
Адамдын өмүрүн,
Уурдайт билдирбей,
Бир гана бөлүгүн.

## ЖОЛДОР

Кенен жолдор машиналар таптаган,
А мурдачы, ат араба каттаган.
Ушул жолдон эчен эрлер чубуруп,
Ал жылдары согуш жакка аттанган.

Чыйыр жолдор ат, эшек тоо таптаган,
Сенден кимдер, сени эчендер баспаган.
Билбейт эч ким сенин жашың канчада,
Же баскандыр айкөл баатыр Манас да.

Кенен жолдор, чыйыр жолдор, тар жолдор
Кызыктарга өмүрлөргө бай жолдор.
Бир из өчсө, дагы жаңы из түшкөн,
Адамзатка кызмат кылган чоң жолдор.

# СҮЙҮҮ ЫРЛАРЫ

## СҮЙӨРҮҢДҮ БИЛДИРЧИ

Өмүрүмдө эч кимди мен сүйбөпмүн,
Сүйүү отуна алоолонуп күйбөпмүн.
Кандай сыйкыр мага сени сүйдүрдү,
Салып сезим түпкүрүнө жүрөктүн.

Кайдан келди бул сүйүүнүн сыноосу,
Күндөнбү, же жылдыздандбы, айданбы?
Түшүнбөйм, бул арбалган сезимим,
Кантип менин жүрөгүмдө жаралды.

Жашап келем туткун болуп сүйүүгө,
Мынча зор күч бар экенин сүйүүдө.
Сезбептирмин бул жашоодо көп жашап,
Жолукпапмын мынча таза сүйүүгө.

Тике айталбай махабатым өзүңө,
Айта бар деп булуттарга жалынам.
Түн ичинде жылдыздардан сураныП,
Айта бар деп айга, таңга табынам.

Кантип айтам сага таза сүйүүмдү?
Көз караштан же өзүң да билдиңби?
Билген болсоң, мен кыйналып жүргөндө,
Белги берип сүйөрүңдү билдирчи.

## КЫЯЛЫМДА

Түндө чыккан ай нуруна айланып,
Терезенден шоола болуп төгүлсөм.
Жымындашкан жылдыздардай түндөгү,
Сыртка чыксаң, мен бийиктен көрүнсөм.

Тоо тараптан түндө соккон сыдырым
Желге айланып чачтарыңды сыласам.
Эрте чыккан улуу күнгө айланып,
Ар таңда мен чыгып сени кубантсам.

Булут барса мен тараптан сен жакка,
Жамгыр төгүп түнү бою нөшөрлөп.
Ошол жамгыр мөлтүрлөрү мен болсом,
Денеңе өткөн нымга айланып көйнөктөн.

Сүйүү салып мени ушундай азапка,
Кыялымда ар нерсеге айланам.
Билген болсоң сага арналган сүйүүмдү,
Кабыл кылып, мени бир аз аясаң.

# ОБОНДУУ ЫРЛАР

## ЫР КЕСЕ

Ыр кесе, ыр кесе, ыр кесе,
Ичи толо, ичи толо сыр кесе.
Кылымдардан кылымдарды карытып,
Жетип келген бабалардан биздерге.

Ыр кесе, ыр кесе, ыр кесе,
Кымыз толо, бакыт толо сыр кесе.
Алган адам, алган адам туралбайт,
Элге сунат, элге сунат ыр десте.

Ыр кесе, ыр кесе, ыр кесе,
Сизге келди келме-кезек ыр десте.
Ырдаңыз, же бийлеңиз эч тартынбай,
Эрмек болсун, белек болсун биздерге.

Ыр кесе, ыр кесе, ыр кесе,
Бул жашоодо жоголбосун дилдерде.
Урпактардан-урпактарга уланып,
Кыргыз барда жашай берсин биздерде.

## УЧА БЕР, КЕПТЕР

Абада кайкып ак кептер учат,
Тийишип канат, ойношот, сызат.
Заманам тыптынч, асманы ачык,
Жаркырап күнү, ак кептер журттап.

Өнү да аппак, ниети аппак,
Көктө ойнойт кептерлер чардап.
Мекеним менин мекени кептер,
Учушат алар тынчтыкты даңктап.

Уча бер, кептер, бийиктеп учкун,
Бейкутта болсун мекеним, журтум.
Бөбөктөр өссүн жадырап-жайнап,
Ырдасын, күлсүн тынчтыктын күүсүн.

## ГҮЛЗАТЫМ

Адатча сени күтүп турамын,
Колума кармап жийде бурагын.
Анда бир санда жыттап да коем,
Канбастан кайра ага кумарым.
Кадалам жолго келет деп сени,
Жийде бир жыттуу бийкеч, Гүлзатым.

Жел согуп тоодон жумшак агымы,
Жийденин бурак болгон чагыны.
Даңаза кылып бардык чөйрөгө,
Баратат курчап сенин айлыңды.
Жытыны сезсең бачым келгинчи,
Мен күтөм, Гүлзат, жийде жанымы.

Сүйүүгө күбө жийде бурагын,
Төрт жолу гүлүн ачкан убагын.
Ар жылы биздин сүйүшкөн күндүн,
Белгилеп дайым болгон бир чагын.
Быйыл да мына жытын аңкытты,
Сен дагы аны көрчү, Гүлзатым.

## ЖҮРЧҮ, ДОСУМ

Кыздар күлөт айыл тарап шандантып,
Кыздар сүйлөйт өз жерини макташып.
Жүрчү, досум, бирге барып көрөлү,
Айткандары деги бекен чын анык.

Бирөөсү бар бой көтөрүп мактанат,
Саадат, Дилбар биздерде деп шаттанат.
Жүрчү, досум, бирге барып көрөлү,
Баатыр кызды Сайра, Айна Санталат.

Бир топтору обон салып ырдашат,
Ырларында келгиле деп сыр айтат.
Жүрчү, досум, бирге барып көрөлү,
Кандай сонун кыздар менен бир бассак.

Жүрчү, досум, пахта терген кыздарга,
Жүрчү, досум, малды баккан уздарга.
Колду берип биз да эмгек кылалы,
Кыздар иштеп, кыздар сүйгөн ал жайда.

## ЖЕҢЕКЕМЕ

Сымбаты бар, көркү өзгөчө керилген,
Менде да бар жалжал көздүү жеңекем.
Асем сөзү, назик үнү кубулжуп,
Жаралганбы, билалбаймын берметтен.

Сүйлөгөндө ойноп кашы, көздөрү,
Жүрөгүмө кадалгансыйт сөздөрү.
Ай-ай, неге бети мынча апаппак
Же булуттан сүртүнгөнбү көктөгү.

Суу көтөрүп басып койсо көчөдө,
Сулуулугу мага жагат өзгөчө.
Жакшы көрөм жеңекемдин билегин,
Байкебайым мейли жаман да көрсө.

# ЭЧ КИМ, ЭЧ НЕРСЕ УНУТУЛБАЙТ

## УНУТПАЙТ ЭЧ КИМ ЭЧ НЕРСЕ

Ал жылдар, ал ай-күн, ал мүнөт,
Андагы өрт кечкен ал мүнөт,
Элеси дайым тирүү түбөлүк
Жашоодо биз менен алар бүт.

Билебиз биз ушул заманды,
Ким курган, кандайча жаралган.
Аталар, агалар өрт кечип,
Эрдик менен тынчтыкты алалган.

Унутпайт эч ким, эч нерсе,
Түбөлүк эстерде сакталат.
Ал курган тынчтыкта муундар,
Алдыга кадамдап баратат.

Унутпайт эч ким да, эч нерсе,
Алдыга, алдыга, алдыга
Чегинбе, жаштар, эч чегинбе,
Таштай бер кадамды, жалтанба!

## ЖООКЕРДИН ЫРЫ

Ата Мекен жүгүн артып мойнума,
Чекте турам автомат бар жонумда.
Улуп-уңшуп бороон күчөп жатса да,
Муздоо деген сезим келбейт оюма.

Түн кыйла убак, элдер эчак жатса да,
Асманда ай, чекте жалгыз мен гана.
Күтөм таңды тынчтык менен атса деп,
Тынчтык каалап журтумдагы балдарга.

Ак чач апа, ак сакалдуу карылар,
Кызыл гүлдөй көйнөк кийген асылдар.
Силер үчүн чекти коргоп турушат,
Мен гана эмес, мендей миң-миң барчындар.

Бороон улуйт, түн караңгы түнөрүп,
Жондо автомат, чекти турам күзөтүп.
Ыйык милдет, мекен арткан жүгүнү,
Мына ушинтип келе жатам бүткөрүп.

## СОГУШ КАТЫШУУЧУСУНУН ЭСКЕРҮҮСҮ

Кыш мезгили, жер бетинде аппак кар,
Айлананы курчагансып тумандар.
Күйүктөрдүн, ок-дарынын түтүнү,
Дарактарда ышка толуп бутактар.

Тарс-турс этип күмбүрөгөн атышуу,
Айланада снаряд, мина жарылуу.
Кыңкылдаган, ураалаган добуштар,
Мекен үчүн жан чыкканча салышуу.

Ушундай чак мен да жатам кыңкылдап,
Бир кадам да баса албадым бир буттап.
Бир бутумду снаряддын огу алып,
Кеткен эле ал согушта жулкулап.

Биз көргөнбүз так ушундай күндөрдү,
Мекен үчүн берип кайттык мүчөнү.
Садагалар, көрбөгүлө, силерге,
Бул окуя болсун жомок күмөндүү.

## КОЗУЛАН БААТЫРДЫН ЫРЫ

*(Эл оозунда айтылган Айгүл кыз жана Козулан баатыр жөнүндө дастандан)*

Ай периште кыз бекен,
Айгүлүм өзү сиз бекен.
Күн периште сиз бекен,
Күкүгүм өзү сиз бекен.
Айланып учкан жагалмай,
Айтарга сөзүм табалбай,
Айга теңейм өзүңдү.
Күнгөйдөн учкан жагалмай,
Кантерге сөзүм табалбай,
Күнгө теңейм өзүңдү.
Сан сары гүл сайда экен,
Сагынган гүлүм мында экен.
Күн тийбес гүлүм кайда экен,
Күттүрүп жүрүп мында экен.
Арманым болбос айтарга,
Ардагым сөзүм кайтарба.
Күйгөнүм болбос айтарга,
Баатырдын сөзүн кайтарба.
Ашыглык дартка чалындым,
Айгүлүм, сизге кабылдым.
Ак барча куштай алындым,
Айгүлүм, сизге жагындым.
Сөзүңдөн күмүш чубурган,
Жан экенсиң кубулган.
Кебинден дилде чубурган,
Келишкен жансың кубулган.
Үнүңдү азыр угайын,
Күчүмдү жыйып турайын.
«Ал, кулум!» – десе кудайым,
Үрбү атадан колуңду сурайын.

# АЙГҮЛ КЫЗДЫН ЖООБУ

Жолборстун сүрү сиз бекен,
Жароокер, наздык бизде экен.
Арстан сүрү сизде экен,
Ай чырайлык бизде экен.
Алтындан ээр чаптырып,
Айталбай жүрөм жактырып.
Күмүштөн ээр чаптырып,
Күтүп да жүрөм жактырып.
Кырк нөкөр болду эрмегим,
Күттүрүп жүрүп келбедиң.
Ай тийген багым, эрмегим,
Айттырып басып келбедиң.
Назданып жүрүп нар тарттым,
Азапка мени картайттың.
Сүйбөйүн десем, сүйдүрдүң,
Жалынсыз отко күйгүздүң.
Жигитке айтуу кыйынбы,
Көрбөдүң менин сыйымды.
Баатырга келүү кыйынбы?
Бербедиң жоолук сыйымды.
Паяндос төшөп күтмөкмүн,
Ханыша тактан түшмөкмүн.
Чачыла чачып күтмөкмүн,
Паризат тактан түшмөкмүн.

# БИР ШИЛТЕМДЕР

* * *

Аяз ата, Аяз кызын жетелеп,
Таттуулардан капка салып көп белек.
Ашуу ашып, бороон менен жарышып,
Шашып келет балдарга тез жетсем деп.

* * *

Рыспайды туурап ырдап,
Обончу болуп кетпедим.
Же бир ондуу ырлар жазып,
Алыкулга жетпедим.

* * *

Мугалимдик эң жөнөкөй кесибим,
Күндө аттайм ак мектептин эшигин.
Мени менен кошо келет бөбөктөр,
Байытууга, тазартууга сезимин.

## АЛИППЕ

Үйрөнүп эжей айткан тамгаларды,
Машыгып кагаз бетке жазгандарды.
Түшүнүп 36 тамга сырын,
Жомок, ыр, табышмактар жана дагы,
Дүйнөнүн кызыктарын тааныттың көп,
Алиппе, сенин сырдуу барактарың.

## ЭНЕ ТИЛ

Канча сонун билимдер эне тилде,
Жакшы үйрөнүп түйүп ал жан-дилиңе.
Өмүр шерик эне-тилин жеткире алат,
Келечекте сен эңсеген чоң билимге.

# МАЗМУНУ

**Элим-жерим – ыйыгым**
Баткеним ............................................ 5
Менин айылым........................................ 6
Ушул тоолор.......................................... 7
Биз кыргызбыз....................................... 8
Көрөм десең........................................... 9

**Менин үй-бүлөм**
Менин атам............................................ 10
Болсо керек сулуу аппак жолукчан.......... 12
Азыр да сүйчү, энеке............................. 13
Баратат энем улгайып............................ 14
Менин эжем.......................................... 16
Энем соккон килем................................ 17
Жубайыма.............................................. 18
Биз экөөбүз.......................................... 19
Канчага жетет чамабыз........................ 20
Окшош тура пейлиңер.......................... 21
Эрмегимдин тилеги............................... 22
Эжемдин элеси силерде........................ 23
Учкан кушта сенин элесин.................... 24

**Жашоо – дайра**
Менин каалоом...................................... 25
Жакшы иште калат из........................... 26
Түбөлүк жашабайт эч бир жан.............. 27
Эми биз ................................................. 28
Саламдашуу жөнүндө........................... 30
Доктурга............................................... 31

Келечекте элге кылар иштер көп.......... 32
Мугалимдик – кымбат кесибим.......... 33
Нооруз .......... 34
Аялдар.......... 36
Дүнүйөнүн кызыгы.......... 38
Шашпай турсаң.......... 39
Кош бол, курдаш.......... 40
Досума.......... 41
Жетимсирейт желге ыргалып байчечек.......... 42
Ичпеймин, дос.......... 44
Түн ууру.......... 45
Жолдор .......... 46

**Сүйүү ырлары**
Сүйөрүңдү билдирчи.......... 47
Кыялымда.......... 49

**Обондуу ырлар**
Ыр кесе .......... 50
Уча бер, кептер.......... 51
Гүлзатым.......... 52
Жүргүнчү дос.......... 53
Жеңекеме.......... 54

**Эч ким, эч нерсе унутулбайт**
Унутпайт эч ким, эч нерсе.......... 55
Жоокердин ыры.......... 56
Согуш катышуучусунун эскерүүсү.......... 57
Козулан баатырдын ыры .......... 58
Айгүл кыздын жообу .......... 59

**Бир шилтемдер.**
Алиппе .......... 59
Эне тил.......... 59

**Эркин Абдилаев**

**ДИЛ КАЙРЫК**

Редактору *Абдухамидова Б. А.*
Компьютерге терген *Абдилаева А. Э.*
Калыпка салган *Сандыбаева Т.*

Басууга 13.05.10. кол коюлду. Нускасы 1000.
Көлөмү 5,0 б. т. Келишим баада сатылат.

ЖЧК «Гүлчынар» басмаканасында басылды
Бишкек ш.. Токтогул көчөсү 106



**Абдилаев Эркин** 1952-жылдын 14-февралында Баткен районундагы Рават айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган.

1978-жылы КМУнун филология факультетин аяктаган жана ошол жылдан бери Баткен районундагы Рават орто мектебинде кыргыз тили жана адабияты мугалими болуп үзүрлүү иштеп жатат.

Көп жылдардан бери көркөм чыгармачылык менен алектенип, ыр-аңгемелерди жазып келет.

Көркөм чыгармалары райондук, областтык басма сөздөрдө жарыяланып келе жатат.